| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК - КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ТҮП РАЙОНУ**<br>**КАРКЫРА**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЫСЫК - КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТЮПСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**<br>**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**<br>**КАРКЫРА** |

**Каркыра айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын 3-сессиясы.**

**Т О К Т О М**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**“ 06 ” июнь 2023 жыл № 20** Талды-Суу айылы.

## Каркыра айыл аймагынын айылдык кеңешинин ченемдик укуктук актыларын мамлекеттик тилде кабыл алуу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Мыйзамынын 26-беренесинин 1-1 бөлүмүнө ылайык Каркыра айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Каркыра айыл аймагынынын административдик бирдигинде мамлекеттик тилди билген адамдардын көпчүлүгү жашагандыктан Каркыра айыл аймагынын айылдык кеңешинин ченемдик укуктук актылары мамлекеттик тилде гана кабыл алынсын.

2.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Каркыра айылдык кеңешинин жооптуу катчысына жүктөлсүн.

**Төрага** **К.К.Тыйтаков**